КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

8

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН БЮЛЛЕТЕНИ

## «Ош МУнун мыкты кафедрасы», «Ош МУнун мыкты факультети», «Ош МУнун мыкты окуу кабинети (лабораториясы, компьютердик классы)» конкурстары жөнүндө ЖОБО

Ош – 2011

Ош мамлекеттик университетинин бюллетени. № 8. «Ош МУнун мыкты кафедрасы», «Ош МУнун мыкты факультети» жана «Ош МУнун мыкты окуу кабинети (лабораториясы, компьютердик классы)» конкурстары жөнүндө жобо. – Ош: Ош МУ. Билим, 2011. – 11 б.

Ош МУнун Кичи Окумуштуулар Кеңешинин 2011-жылдын __-апрелиндеги №___-жыйынында кабыл алынган жана Ош МУнун ректорунун 2011-жылдын ___-апрелиндеги №131-буйругу менен бекитилген.

Жободо Ош мамлекеттик университетинин 60-жылдык юбилейине карата өткөрүлүүчү **«Ош МУнун мыкты кафедрасы», «Ош МУнун мыкты факультети» жана «Ош МУнун мыкты окуу кабинети (лабораториясы, компьютердик классы)»** конкурстарын уюштуруу максаттары, катышуунун шарттары, конкурстарды өткөрүүнүн мөөнөтү, баалоонун критерийлери жана көрсөткүчтөрү каралган.

# Мазмуну

1. Жалпы жобо....................................................................................4

2. **«ОшМУнун мыкты кафедрасы»** конкурсуна катышуучу кафедранын рейтингдик баллын аныктоо критерийлери .......................................................5

3. **«ОшМУнун мыкты факультети»** конкурсуна катышуучу факультеттин рейтингдик баллын аныктоо критерийлери...................................8

4. **«ОшМУнун мыкты окуу кабинети (лабораториясы, компьютердик классы)»** конкурсуна катышуучу окуу кабинетинин рейтингдик баллын аныктоо критерийлери.........................................................................12

© Ош мамлекеттик университети, 2011

**ОшМУнун 60-жылдык юбилейине карата өткөрүлүүчү «ОшМУнун мыкты кафедрасы», «ОшМУнун мыкты факультети» жана «Ош МУнун мыкты окуу кабинети (лабораториясы, компьютердик классы)» конкурстары жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жобо

**Конкурстун максаттары:**

– ОшМУнун мыкты кафедрасын аныктоо процесси аркылуу кафедралардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо, окуу-усулдук, илимий-изилдөө жана маданий-тарбиялык багыттарындагы иш-аракеттерин активдештирүү;

- Университеттин алдыңкы кафедраларынын, факультеттеринин үлгүлүү иш-аракеттерин башка кафедраларга факультеттерге тааныштыруу жана тажрыйба алмашуу аркылуу алардын сапаттуу иштешине, окутуучулардын чыгармачылык потенциалынын жогорулашына өбөлгө түзүү;

- **«ОшМУнун мыкты кафедрасы», «ОшМУнун мыкты факультети» «ОшМУнун мыкты окуу кабинети (лабораториясы, компьютердик классы)»** конкурстарынын жеңүүчүлөрүнүн иш-тажрыйбаларынын негизинде башка кафедралардын жана факультеттердин иш-аракеттерин жакшыртуунун иш-чараларын, план программаларын иштеп чыгуу;

- Билим берүүнүн негизги жана башкы ячейкасы болгон кафедралардын милдеттеринин жоопкерчилигин күчөтүү, алардын өз алдынча, демилгелүү иштешине шарт түзүү.

**Конкурска катышуунун шарттары:**

1. **«ОшМУнун мыкты кафедрасы», «ОшМУнун мыкты окуу кабинети (лабораториясы, компьютердик классы)»** конкурстарынын биринчи этабы факультеттерде жана колледждерде өткөрүлөт;

2. **«ОшМУнун мыкты кафедрасы»** конкурсу: 1) гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналар, 2) табигый-прикладдык дисциплиналар бекитилген кафедралардын арасында өз алдынча өткөрүлөт;

3. Факультеттерде жеңүүчү деп табылган кафедралар жана кабинеттер (бир факультеттен бирден кафедра жана бирден кабинет көрсөтүлөт) университет боюнча кафедралар жана кабинеттер аралык конкурстун экинчи этабына катыша алышат;

4. Факультеттерде жеңүүчү деп табылган кафедралар жана кабинеттер конкурстун экинчи этабына катышуу үчүн атайын түзүлгөн конкурстук комиссияга төмөнкү документтерди берүүсү зарыл:

- факультеттин кафедранын жана кабинеттин конкурска катышуу жөнүндөгү суранычы;

- факультеттин **«Мыкты кафедрасы»** жана **«Мыкты кабинети»** деп табылгандыгы жана конкурска сунуш кылынгандыгы жөнүндөгү факультеттин жалпы жыйынынын чечими;

5. **«ОшМУнун мыкты факультети»** конкурсуна катышуу үчүн:
- факультеттин сураныч;
- конкурска катышууга сунуш кылган жыйындын чечими;

**Конкурс өткөрүүнүн мөөнөттөрү:**

Конкурстун биринчи этабы 2011-жылдын апрель айларында, ал эми экинчи этабы болсо, ушул эле жылдын май айларында өткөрүлөт.

Конкурстун сыйлык фондун ректор аныктайт. Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу милдети ректордун буйругу менен түзүлгөн комиссияга жүктөлөт. Конкурстун жеңүүчүлөрүн сыйлоо ОшМУнун 60-жылдык юбилейине арналган салтанаттуу жыйында өткөрүлөт.

*1-тиркеме*

## 2. «ОшМУнун мыкты кафедрасы» конкурсуна катышуучу кафедранын рейтингдик баллын аныктоо критерийлери

### 1. Окуу-усулдук иштер

| № п\|п | Баалоонун критерийлери жана көрсөткүчтөрү | Максимал-дык балл |
|---|---|---|
| 1. | Кафедрада окутулуучу предметтердин типтүү программаларынын түзүлүшү, сапаты, билим берүүнүн мамл. стандартына туура келиши | 10 |
| 2. | Дисциплиналар боюнча жумушчу программалардын, окуу-усулдук комплекстин, алардын типтүү программаларга туура келиши | 10 |
| 3. | Кафедрада модулдук-рейтингдик системанын уюштурулушу, кабыл алынышы, жыйынтыкталышы жана көзөмөлгө алынышы | 10 |
| 4. | Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурулушу, өткөрүлүшү жана кабыл алынышы | 8 |
| 5. | Ачык сабактардын уюштурулушу, өткөзүлүшү жана жыйынтыктары | 8 |
| 6. | Заманбап, жаңы, инновациялык, автордук усулдардын колдонулушу | 7 |
| 7. | Кафедранын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу боюнча иш чаралар | 7 |
| 8. | Окутуунун сапатын жогорулатуу иш-чараларынын уюштурулушу жана жыйынтыктары | 9 |
| 9. | Кафедранын мүчөлөрү тарабынан жарыкка чыккан окуулуктар, окуу-усулдук колдонмолор жана алардын колдонулуштары | 10 |

| | | |
|---|---|---|
| 10. | Кафедранын мүчөлөрүнүн авторлугундагы жана алар тарабынан даярдалган жана сырттан алынып келинген электрондук окуулуктар, окуу-усулдук колдонмолор (N - колдонмонун саны) | Nx2 |
| 11. | Кафедранын дисциплиналары боюнча студенттердин жетишүү көрсөткүчтөрү, кафедранын мүчөлөрүнүн окуткан предметтери боюнча жана кафедранын жалпы жетишүү көрсөткүчү, жетишүү көрсөткүчтөрүнүн өсүү динамикасы | 9 |
| 12. | Кафедранын мүчөлөрүнүн жана алар тарабынан жарык көргөн эмгектердин, **«Мыкты окутуучу», «Мыкты усулчу», «Мыкты лектор»** ж.б. конкурстарга катышуусу жана жыйынтыгы | 9 |
| 13. | AVN информациялык системасынын ишке киргизилиш деңгээли жана иштеши | 10 |
| 14. | Кафедрада окуу-эсептөө, окуу-талаа, педагогикалык, өндүрүштүк, диплом алдындагы практикаларды уюштуруу деңгээли | 10 |
| 15. | Кафедрада дипломдук иштердин(проекттердин) аткарылышы, МАКтын уюштурулушу, бүтүрүүчүлөр менен байланыштын деңгээли | 10 |
| 16. | Кафедрада студенттердин илим-изилдөө иштеринин, олимпиадаларды уюштуруу, курстук иштерди кабыл алуу, ар түрдүү конкурстарга катышу деңгээли | 5 |

## 2. Илимий-изилдөө иштери жана илимий багыттагы иш-чаралар

| № п\|п | Баалоонун критерийлери жана көрсөткүчтөрү | Максималдык балл |
|---|---|---|
| 1. | Кафедранын сапаттык курамы, илимий жана илимий-усулдук иштердин пландаштырылышы жана жыйынтыктары | 10 |
| 2. | Кафедранын мүчөлөрү тарабынан жарык көргөн илимий макалалар, монографиялар (N1 - макала, N2 - монография) | N1x2<br>N1x4 |
| 3. | Студенттердин илимий – изилдөө иштеринин уюштурулуштары жана жыйынтыктары | 9 |
| 4. | Кафедранын мүчөлөрү тарабынан университеттин, шаардын деңгээлинде өткөзүлгөн **үлгүлүү, мыкты** илимий багыттагы иш-чаралар (семинарлар, конференциялар, илим жумалыктары ж.б.) | 10 |
| 5. | Кафедранын илимий же илимий-усулдук семинарынын иши жана анын жыйынтыктары | 8 |

| | | |
|---|---|---|
| 6. | Кафедранын мүчөлөрүнүн **ГАНИС** ж.б. түрдүү фонддор тарабынан каржыланган илимий – изилдөө иштеринин аткаруусу жана анын жыйынтыктары | 10 |
| 7. | Кафедрадагы аспиранттар, изденүүчүлөр, кандидаттык минимумдарды тапшыруулары | 7 |
| 8. | Акыркы 5 жылда корголгон диссертациялар, илимий жетекчилик кылуу жана анын натыйжалары | 10 |
| 9. | Кафедранын мүчөлөрүнүн эмгектеринин **«Мыкты илимий эмгек»** ж.б. конкурстарда ээлеген орду | 10 |
| 10. | Кафедранын окутуучуларынын автордук күбөлүктөрү, патенттери, диссертацияларга оппоненттиги, жетектөөчү уюм болушу | 10 |

## 3. Тарбиялык - маданий жана коомдук иштер

| № п\|п | Баалоонун критерийлери жана көрсөткүчтөрү | Максималдык балл |
|---|---|---|
| 1. | Кафедрада тарбиялык - маданий, коомдук ишинин планы жана аткарылышы | 10 |
| 2. | Кураторлордун иш пландары жана алардын жыйынтыктары: | |
| | 1) кураторлордун документациялары; | 4 |
| | 2) кафедранын мүчөлөрү кураторлук кылган тиешелүү тайпалардын жетишүү көрсөткүчтөрү жана анын сапатын жогорулатуу боюнча иш-чаралар; | 4 |
| | 3) тайпадагы тарбиялык-маданий иштерди өткөзүүнүн жыйынтыктары, тайпанын түрдүү иш-чараларга, конкурстарга катышуунун жыйынтыктары, бааланышы; | 5 |
| | 4) студенттердин ата-энелери менен болгон байланышы | 4 |
| 3. | Кафедранын мүчөлөрүнүн жатакана менен болгон байланышы | 8 |
| 4. | Кафедранын мүчөлөрү тарабынан өткөзүлгөн мыкты маданий – тарбиялык иш-чаралар, кече, конкурстар, жолугушуулар, даярдалган дубал газеттер ж.б. | 8 |
| 5. | Кафедранын мүчөлөрүнүн университеттин, шаардын, республиканын деңгээлиндеги коомдук тапшырмаларды аткарышы жана анын жыйынтыктары | 7 |
| 6. | Эмгек тартибинин сакталышы жана үзгүлтүккө учураган сабактардын болбошу | 10 |
| 7. | Мамлекеттик тилди өнүктрүү боюнча иш-аракеттери, иш-кагаздардын деңгеели | 10 |

**4. Кафедранын иш-аракеттеринин бааланышы жана жайылтылышы**

| № п\|п | Баалоонун критерийлери жана көрсөткүчтөрү | Максималдык балл |
|---|---|---|
| 1. | Кафедранын иш-аракеттерин университеттин деңгээлиндеги жана сырткы текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча бааланышы | 8 |
| 2. | Кафедранын бардык багыттагы иш-аракеттеринин факультеттин жана университеттин жыйындарында Окумуштуулар кеңештеринде белгилениши жана жайылтылышы | 10 |
| 3. | Кафедранын мүчөлөрүнүн сыйлыктары | Nx10 |
| 4. | ОшМУнун 60 жылдык юбилейин өткөрүүгө карата иш-чараларынын абалы, перспективдүү планынын болушу | 8 |

*2-тиркеме*

## 3. «ОшМУнун мыкты факультети» конкурсуна катышуучу факультеттин рейтингдик баллын аныктоо критерийлери

### 1. Уюштуруу иштери

| № п\|п | Баалоонун критерийлери жана көрсөткүчтөрү | Максималдык балл |
|---|---|---|
| 1. | Деканаттын аткарган кызматы, максаты жана милдеттери. Факультеттин иш-аракеттеринин уюштурулушу жана пландаштырылышы | 10 |
| 2. | Факультеттин иш пландарынын түзүлүү сапаты жана аткарылышы | 10 |
| 3. | Факультеттин Окумуштуулар Кеңешинин жана кафедралардын кеңешмелеринин пландарынын түзүлүү сапаты жана алардын аткарылышы | 10 |
| 4. | Факультеттин жана кафедралардын өнүгүү (перспективдүү) пландары жана алардын аткарылышы | 10 |
| 5. | Факультеттин иш кагаздарынын, пландуу жана отчеттуулук документацияларынын абалы жана сапаты | 10 |
| 6. | Эмгек рыногуна анализ, адистерди даярдоонун муктаждыы жана зарылдыгы. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуусу | 10 |
| 7. | Студенттерди I курска кабыл алуунун жана кесипке багыт берүү иштеринин уюштурулушу | 10 |

| | | |
|---|---|---|
| 8. | Кадрларды тандоо, алмаштыруу, алардын ишине анализ. Профессордук-окутуучулук курамдын жана окутуу-көмөкчү персоналдардын базалык билимдеринин жана квалификацияларынын ээлеген кызматына жана окуткан дисциплиналарга туура келиши | 10 |
| 9. | «AVN» информациялык системасынын ишке киргизилиши жана колдонулушу | 10 |
| 10. | Факультеттин веб-сайтынын абалы, башка окуу жайлар менен болгон байланышы | 5 |

## 2. Окуу иштери

| № п\|п | Баалоонун критерийлер жана көрсөткүчтөрү | Максималдык балл |
|---|---|---|
| 1. | Адистиктер боюнча мамлекеттик стандарттар | 10 |
| 2. | Окуу пландарынын жана окуу (типтүү) программаларынын мамлекеттик стандартка туура келиши, сапаты, алардын аткарылышын көзөмөлдөө | 10 |
| 3. | Адистиктер боюнча квалификациялык мүнөздөмөлөр | 10 |
| 4. | Сабактардын жадыбалын, окуу процессинин графигин түзүү жана көзөмөлдөө боюнча аткарылган иштердин абалы жана сапаты | 10 |
| 5. | Студенттердин сабакка катышуу маселеси боюнча жасалган иштердин уюштурулушу, көзөмөл жана консультацияларды, калтырган сабактарды тапшыруунун (отработка) технологиялары | 10 |
| 6. | Студенттердин сессияга, рейтинге, мамлекеттик аттестацияга киргизүүнүн жана курстан – курска көчүрүүнүн мөөнөтүнүн жана тартибинин сакталышы | 10 |
| 7. | Рейтинг боюнча жобонун аткарылышы. Рейтингди, мониторингди ж.б. сессия аралык текшерүүлөрдү уюштуруу, өткөзүү жана алардын жыйынтыктары | 10 |
| 8. | Сынактык сессияларды уюштуруу, анын жүрүшүн көзөмөлдөө жана жыйынтыктары. Жетишпеген студенттер менен иштөө | 10 |
| 9. | Мамлекеттик аттестацияны уюштуруу, жыйынтыктары жана документациялары | 10 |
| 10. | Курстук жана дипломдук жумуштардын аткарылышынын жобого туура келиши, жыйынтыктары | 10 |
| 11. | Окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн болгон иш-чаралардын системасы жана алардын аткарылышы, жыйынтыктары | 10 |
| 12. | Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу, сапаты жана жыйынтыктары | 10 |

| | | |
|---|---|---|
| 13. | Факультеттин предметтер боюнча студенттердин жетишүү көрсөткүчтөрү жана анын өсүү динамикасы | 10 |

## 3. Окуу-усулдук иштер

| №<br>п\|п | Баалоонун критерийлер жана көрсөткүчтөрү | Максималдык балл |
|---|---|---|
| 1. | Адистердин жана дисциплиналардын окуу-методикалык камсыздалышы жана лицензиялык талаптарга ылайыктуулугу | 10 |
| 2. | Адистиктердин жана дисциплиналардын материалдык-техникалык камсыздалышы | 10 |
| 3. | Окутуунун инновациялык, заманбап технологияларынын колдонулуштары | 8 |
| 4. | Факультеттин усулдук семинарынын иши жана анын жыйынтыктары | 7 |
| 5. | Факультеттин окуу-усулдук кеңешинин иштери. Усулдук багытта жүргүзүлгөн иш-чаралар жана анын жыйынтыктары | 9 |
| 6. | Окуу-усулдук колдонмолорду, окуулуктарды жарыкка чыгаруунун планы жана анын аткарылышы (N – колдонмонун саны) | Nx1 |
| 7. | Электрондук окуулуктар, окуу-усулдук колдонмолор (N – колдонмонун саны | Nx1 |
| 8. | Окуу аудиторияларынын, лабораториялардын, компьютердик класстардын, кабинеттердин жабдылыштары, информациялык стенддер ж.б. | 8 |

## 4. Материалдык-техникалык база

| №<br>п\|п | Баалоонун критерийлер жана көрсөткүчтөрү | Максималдык балл |
|---|---|---|
| 1. | Материалдык-техникалык базанын абалы жана өнүгүүсү, аны пайдалануунун эффективдүүлүгү | 10 |
| 2. | Эмгек үчүн зарыл шарттардын түзүлүшү | 10 |

## 5. Илимий-изилдөө иштери

| №<br>п\|п | Баалоонун критерийлер жана көрсөткүчтөрү | Максималдык балл |
|---|---|---|
| 1. | Факультеттин илимий-изилдөө иштеринин багыты жана анын аткарылыштары | 10 |
| 2. | Илимий макалалар, эмгектерди жарыкка чыгаруу планы жана анын аткарылышы (N – макаланын саны) | Nx1 |

| | | |
|---|---|---|
| 3. | Факультеттин илимий семинарларынын иши жана жыйынтыктары | 8 |
| 4. | Илимий конференцияларга, семинарларга катышуу жана аларды өткөзүү. Илимий гранттар менен иштөө | 10 |
| 5. | Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу | 10 |
| 6. | Студенттердин илимий-изилдөө иштери | 8 |

## 6. Тарбиялык иштер

| № п\|п | Баалоонун критерийлери жана көрсөткүчтөрү | Максималдык балл |
|---|---|---|
| 1. | Кураторлук иштер. Пландары жана аларды аткаруунун сапаты | 7 |
| 2. | Студенттердин өзүн-өзү башкарууну уюштуруу, жаштар комитети, алардын коомдук уюмдар менен байланышы жана алар менен биргеликте иш алып баруусу | 7 |
| 3. | Эмгек жана аткаруу тартибинин сакталышы | 10 |
| 4. | Жатаканада жана квартирада жашаган студенттер менен болгон иш-чаралар, ата-энелер менен болгон байланыш | 7 |
| 5. | Факультеттин маданий–массалык, коомдук-тарбиялык иш-чаралары, алардын сапаты | 10 |
| 6. | Факультеттеги маданий-тарбиялык багыттагы жабдуулар, жасалгалар жана алардын мазмуну | 7 |
| 7. | Республикалык деңгээлдеги өткөрүлгөн конкурстарга, спартакиадаларга жана олимпиадаларга катышкан, байгелүү орундарга ээ болгон болгон студенттер (N – студенттин саны) | Nx1 |
| 8. | ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин, Ош шаарынын мэриясынын, Президенттик «Үмүт» жана башка атайын дайындалуучу артыкчылык стипендия алуучу студенттер (N – студенттин саны) | Nx2 |
| 9. | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-аракеттер, перспективдүү пландын болушу | 10 |
| 10. | Ош МУнун 60 жылдык юбилейин өткөрүүгө карата иш-чаралардын абалы | 10 |

*3-тиркеме*

**4. «ОшМУнун мыкты окуу кабинети (лабораториясы, компьютердик классы)» конкурсуна катышуучу окуу кабинетинин рейтингдик баллын аныктоо критерийлери**

| № п\|п | Баалоонун критерийлеры жана көрсөткүчтөрү | Максималдык балл |
|---|---|---|
| 1 | Окуу кабинетинин учурдун талабына туура келиши, кабинеттин паспорту, иштөө графиги, иш планы, кабинетте өтүлгөн сабактардын көлөмү (загруженность). | 10 |
| 2 | Лабораториялык жана практикалык иштердин абалы, окуу кабинетин колдонуу эрежелери, интранет жана интернет тармактары менен иштөө мүмкүнчүлүктөрү | 10 |
| 3 | Лабораториялык жана практикалык иштерди аткаруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр, дидактикалык материалдар, тесттер, типтүү маселелердин чыгаруунун үлгүлөрү, ж.б. | 10 |
| 4 | Окуу кабинетинин окуу куралдары (окуу китептери, электрондук окуулуктар, прикладдык программалардын пакеттери) менен камсыз болушунун абалы | 10 |
| 5 | Окутуунун техникалык каражаттарынын болушу жана алардын иштөө абалы (экран, штор, телевизор, компьютер, видеомагнитофон, магнитофон, микрофон, указка, доска) | 10 |
| 6 | Окуу кабинетинин эстетикалык жасалгаланышы, көрсөтмө куралдар, экспонаттар, плакаттар менен жабдылышы, жарыктыгы, жылуулугу, жылытуу системасынын абалы | 10 |
| 7 | Окуу кабинетин тейлөөчү кызматкердин окутуунун техникалык каражаттары (эсептөө приборлору, компьютерлер, проекциялык аппараттар, осциллограф, ж.б.) менен иштей алышы | 10 |
| 8 | Коопсуздук техникасы бурчунун жана журналынын абалы. Өрттөн сактануу коопсуздугунун абалы. Студенттердин техникалык каражаттар менен иштөө эрежелери | 10 |
| 9 | Окуу кабинетинин санитардык-гигиеналык талаптарга жооп беришинин абалы, санитардык аптечкалар менен камсыз болушу | 10 |
| 10 | Окуу кабинетинин столдор, блоктор жана башка мебелдер менен камсыз болушу, окутуучунун жана студенттердин жумушчу орундарынын абалы | 10 |